Аналогиялар (окшоштуктар) боюнча тапшырмалардын үлгүлөрү (Бөлүм II)

**Нускама**

Ар бир тапшырма беш жуп сөздөн турат. Кара тамгалар менен белгиленген жуп сөз эки сөздүн ортосундагы мамиленин үлгүсүн көрсөтүп турат. Адегенде бул жуптагы сөздөрдүн ортосундагы мамилени аныктаңыз да, андан соң жооптун варианттарынын ичинен ушундай мамиледе турган жуп сөздү тандап алыңыз. Сиз тандап алган жооптогу сөздөрдүн орун тартиби үлгүдөгүдөй болушу керек.

1. **жай : июнь**

(А) жол : чыйыржол

(Б) апта : дүйшөмбү

(В) апрель : ай

(Г) секунд : мүнөт

Туура жооп: (Б)

2. **жыгылуу : тайгалак**

(А) сүйлөө : чечен

(Б) чуркоо : ылдам

(В) дарылоо : оорулуу

(Г) кактануу : аптап

Туура жооп: (В)

3. **сатуу : товар**

(А) сырдоо : парта

(Б) жазуу : китеп

(В) тартуу : сүрөт

(Г) күйгүзүү : ширенке

Туура жооп: (Г)

4. **чай : кофе**

(А) мышык : ит

(Б) китеп : сөздүк

(В) машина : гараж

(Г) тоок : короз

Туура жооп: (А)

Сүйлөмдөрдү толуктоо боюнча тапшырмалардын үлгүлөрү (Бөлүм II)

**Нускама**

Ар бир тапшырмада экиден төрткө чейин бош орун калтырылган сүйлөмдөр берилген. Анын астында бул сүйлөмдү толуктоо үчүн төрт топтомдон турган сөздөр сунуш кылынат. Сүйлөмдүн маанисине болушунча так ылайык келген жооптун вариантын белгилеңиз.

1. Байыркы падышачылык мамлекеттерде жерге карата менчик ______, жердин кыртышынын анын сапатына карап баалоо______.

(А) колдонулгандыктан / келип чыккан

(Б) келип чыккандыктан / колдонулган

(В) бар болгондуктан / жоголуп кеткен

(Г) пайда болгондуктан / келип чыккан

Туура жооп: (Г)

2. Продукция өндүрүү үчүн канчалык ______ технология колдонулса, айлана-чөйрөгө ошончолук ______ зыян келтирилет, себеби ______ технологиялардын тазалоочу жабдуулары кыйла ______ болот.

(А) жаңы / аз / эски / натыйжалуу

(Б) эски / аз / жаңы / натыйжалуу

(В) жаңы / чоң / эски / натыйжасыз

(Г) эски / чоң / эски / натыйжасыз

Туура жооп: (Г)

Кыргыз тилинин практикалык грамматикасы боюнча тапшырмалардын үлгүлөрү (Бөлүм IV)

**Нускама**

*Тестте Сиз аткарууга тийиш болгон төмөндөгүдөй тапшырмалар бар:*

- *тамгаларды коюу*
- *тыныш белгилерин коюу*
- *стилди аныктоо*
- *сүйлөм курамын аныктоо*
- *маанилеш сөздөрдү табуу*
- *көрсөтүлгөн маанидеги сөздөрдү түзүү*
- *сөздөрдү лексикалык же грамматикалык маанилерине ылайык колдонуу.*

*Тапшырмада асты сызылган сөздөр же сөз айкаштары кездешкен учурда, жоопту дал ошолорго гана негизденип берүү керек.*
*Сөздөрдө түшүп калган тамгалар жана сүйлөмдөрдө түшүп калган сөздөр үч чекит менен белгиленген.*
*Тапшырма катары берилген сөздөр жана сүйлөмдөр суроодон мурда, же суроодон кийин жайгаштырылып, курсив менен бөлүп көрсөтүлгөн.*
*Ар бир тапшырманын туура жообу бир гана варианттан турат.*
*Жооптордун варианттары орус алфавитинин чоң тамгалары менен белгиленген. Туура вариантты жооп барагына белгилеп, боёп коюуну унутпаңыз.*

**1.** -*Малга ит-куш тийбептирби?-деп сурады ал.*

Жогорку сүйлөмдөгү асты сызылган сөздөр төмөнкү мисалдардын кайсынысынын ордуна колдонулду?

(А) ит
(Б) кулаалы
(В) карышкыр
(Г) ууру

Туура жооп: (В)

**2.** **«Бир»** деген сөз төмөндөгү сүйлөмдөрдүн кайсынысында күчөтмө маанини туюнтат?

(А) Конок кымыздан бир ууртап жерге койду.
(Б) Анын өзүнчө бир башкалардыкына окшобогон дүйнөсү бар.
(В) Көлдү жээктеп басуу акынга ушундай бир ырахат берчү.
(Г) Айжан бир элге, бир ойлуу отурган энесине карады.

Туура жооп: (В)

**3.** Төмөндө берилген кайсы варианттагы сөздөрдүн ортосуна сызыкча коюш керек?

(А) ит мурун, ат кулак
(Б) козу карын, каш кулак
(В) таш көмүр, темир жол
(Г) эже сиңди, ага ини

Туура жооп: (Г)

**4.** Төмөндөгү варианттардан айтылышы менен жазылышы ар башка, бирок бир маанини билдирген сөздөрдү табыңыз.

(А) Акылман, даанышман, иштерман
(Б) Адашчаак, таарынчак, унутчаак
(В) Билимсиз, сабатсыз, караңгы
(Г) Сүйкүмдүү, мээримдүү, таланттуу

Туура жооп: (В)

**5.** *Обо газетасынан Жардамчылар аттуу макаланы окуган Акылбек карыя Москва шаарынын жаштарына ыраазы болуп отурду.*

Жогорудагы сүйлөмдөгү сөздөрдүн кайсынысы тырмакчага алынып жазылат?

(А) Обо, жардамчылар
(Б) жардамчылар, Акылбек
(В) Акылбек, Москва
(Г) Москва, Обо

Туура жооп: (А)